# Улуттук банктын ноталары

*(2016-жылдын июнь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан төрт аукцион өткөрүлүп, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү өткөн айга салыштырмалуу 50,0 пайызга көбөйүү менен 12,0 млрд сомду түзгөн.

Өткөрүлгөн аукциондордогу суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] 0,5 пайызга, 4,2 млрд сомго чейин бир аз төмөндөгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуу көлөмү 7 жана 14 күндүк ноталар менен гана сунушталган. Сатуунун жалпы суммасы 11,8 млрд сомду (+46,9 пайызды) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тартып 2,8 эсе көбөйүү менен 6,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп 99,9 пайыздык үлүшү (+2,3 п.п.) менен коммерциялык банктар саналган.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү 46,9 пайызга көбөйүү менен 2,9 млрд сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 0,8 пайызды (-0,1 п.п.) түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.07.2015 | 777,5 | 695,5 | 89,5% | 64,0 | 8,2% | 0,0 | 0,0% | 18,0 | 2,3% |
| 01.08.2015 | 1 292,9 | 1 239,0 | 95,8% | 53,3 | 4,1% | 540,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2015 | 558,0 | 518,0 | 92,8% | 0,0 | 0,00% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2015 | 784,0 | 711,0 | 90,7% | 73,0 | 9,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2015 | 2 017,2 | 1 919,0 | 95,1% | 98,2 | 4,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2015 | 931,0 | 927,0 | 99,6% | 4,0 | 0,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2016 | 2 131,5 | 2 081,0 | 97,6% | 50,5 | 2,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2016 | 2 336,0 | 2 278,0 | 97,5% | 58,0 | 2,5% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2016 | 2 000,0 | 1 999,9 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2016 | 2 000,0 | 1 976,4 | 98,8% | 23,6 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2016 | 5 986,0 | 5 979,0 | 99,9% | 7,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |